
**Математика**
**PISAга багытталган тест**
**8 - класс**

***1-тапшырма.***
Оң жактагы маалыматты колдонуп, кыска жооптуу тапшырманы аткаргыла.

Эгерде эки бөлмөнүн тең бийиктиги 2,75 м болсо, ал эми бөлмөлөрдүн калган өлчөмдөрү планда көрсөтүлгөндөй болсо, анда бул бөлмөлөрдү обой кылуу үчүн туурасы 1,06 м жана узундугу 10 м болгон туш кагаздан эң аз дегенде канча түрмөк алуу керек?

-




*Тапшырманын жообун атаын берилген жерге жазгыла.*

Жообу:

**Оңдоо**

Эркин бөлмөгө туш кагазды чаптоо үчүн керектүү түрмөктү бөлмөнүн периметри жана бийиктиги боюнча алуунун таблицасын таап алып, өз батиринин башка эки бөлмөсүндөгү туш кагаздарды алмаштырууну чечти.





**ТАБЛИЦА РАСЧЁТА ОБОЕВ**

| Высота потолка / Периметр комнаты | ширина рулона 0,53 м: до 2,5 м | ширина рулона 0,53 м: от 2,5 до 3,3 м | ширина рулона 0,53 м: от 3,3 м | ширина рулона 0,70 м: до 2,5 м | ширина рулона 0,70 м: от 2,5 до 3,3 м | ширина рулона 0,70 м: от 3,3 м | ширина рулона 1,06 м: до 2,5 м | ширина рулона 1,06 м: от 2,5 до 3,3 м | ширина рулона 1,06 м: от 3,3 м |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 8 м | 4 | 5 | 8 | 3 | 4 | 6 | 2 | 3 | 4 |
| 10 м | 5 | 6 | 9 | 4 | 5 | 7 | 2 | 3 | 5 |
| 12 м | 5 | 6 | 9 | 4 | 5 | 7 | 2 | 3 | 5 |
| 14 м | 7 | 9 | 13 | 5 | 7 | 10 | 3 | 4 | 7 |
| 16 м | 8 | 10 | 15 | 6 | 8 | 11 | 4 | 5 | 8 |
| 18 м | 8 | 11 | 17 | 6 | 9 | 13 | 4 | 6 | 8 |
| 20 м | 9 | 13 | 19 | 7 | 10 | 14 | 5 | 6 | 9 |
| 22 м | 10 | 14 | 21 | 8 | 10 | 16 | 5 | 7 | 10 |
| 24 м | 11 | 15 | 23 | 9 | 11 | 17 | 6 | 8 | 11 |
| 26 м | 12 | 16 | 25 | 9 | 23 | 19 | 6 | 8 | 12 |
| 28 м | 13 | 18 | 26 | 10 | 13 | 20 | 7 | 9 | 13 |
| 30 м | 14 | 19 | 28 | 11 | 14 | 21 | 7 | 9 | 14 |

**Тапшырманын мүнөздөмөлөрү**

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: мейкиндик жана форма
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: чечмелөө
- Контекст: жеке
- Тапшырманын татаалдык деңгээли: орточо
- Жооптун форматы: кыска жооп берүү

**Баалоо системасы**

| Упай / Код | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 1 | 9 түрмөк |
| 0 | Башка жооптор |
| *0* | *Жооп жок* |

| | |
|---|---|
| • Баалоо объекти: таблицада жана графикалык түрдө берилген, маалыматтарды талдоо<br>• Максималдуу балл - 1<br>• Текшерүү ыкмасы: компьютердик | |

***2-тапшырма.***

Оң жакта жайгашкан текстти окуп, тапшырманы кенен (толук) чыгарылышы менен аткаргыла. Ар бир тапшырманын чыгарылышы толук көрсөтүлүшү жана удаалаштык сакталышы керек.

| № | Туш кагаздарды чыгарган өлкө | Бир түрмөк туш кагаздын өлчөмдөрү кв.м | Бир түрмөктүн баасы, сом. | Кепилдик жыл | Бонус |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Орусия | 0,9x10 | 2200 | 1 | 5 түрмөк үчүн + 2 куту клей |
| 2 | Туркия | 1x10 | 3300 | 2 | 5% арзандатуу |
| 3 | Италия | 1x10 | 6600 | 3 | 10% арзандатуу |
| 4 | Беларусия | 0,9x10 | 1800 | 2 | 5 түрмөк үчүн +1 куту клей |

Эркин 5 түрмөк туш кагаз жана 2 куту клей сатып алышы керек. Эгер клейдин бир кутусу 300 сом болсо, анда Эркинге кайсы өлкөнүн туш кагазын сатып алган ыңгайлуу?

*Жообун чыгарылышы менен жаз:* ______________________

____________________________________________________

____________________________________________________

**Оңдоо**

Ремонтко даярдануу учурунда Эркин туш кагаздар тууралуу айрым маалыматтарды изилдеп көрдү. Туш кагаздардын негизги түрлөрү: кагаз, кагаздык негизден турган винилдик жана флизилиндик негиздеги винилдик болоорун билди. Сапатына жана өндүрүүчүсүнө жараша туш кагаздын баасы да ар кандай болот.





Дүкөндөрдө туш кагаздарды сатып алууда ага арзандатуу же бонус – туш кагаздын бир кутуча клейин белекке беришет. Бул тууралуу бардык маалыматтар таблицада келтирилген.

**Тапшырманын мүнөздөмөлөрү**

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: белгисиздик жана маалыматтар
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: ой жүгүртүү
- Контекст: жеке
- Тапшырманын татаалдык деңгээли:жогорку
- Жооп форматы: кенен(толук) чыгарылышы менен
- Баалоо объекти: оптималдуу вариантты тандоо.
- Максималдуу балл - 2
- Текшерүү ыкмасы - эксперттик

**Баалоо системасы**

| Упай/Код | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | Жооп: Беларусь. Чыгарылышы келтирилген. Мисалы,<br>5*1800 + 300 = 9300 сом (1 куту клей бонус), эгерде өндүрүүчү өлкө Беларусия болсо<br>5*2200 = 11000 сом (2 куту клей бонус), эгерде өндүрүүчү өлкө Россия болсо<br>3300*5 0,95 + 600 = 16275 сом , эгерде өндүрүүчү өлкө Туркия болсо<br>6600*5*0,9*600 = 30300 сом, эгерде өндүрүүчү өлкө Италия болсо . |
| 1 | Беларус. Чыгарылышы жазылган эмес |
| 0 | Башка жооптор. |
| *0* | *Жооп жок* |